А.Табалдиев атындагы социомаданий
изилдөөлөр социологиялык борбору

# УЛУТ БИРИМДИГИ -
# ӨЛКӨНҮН КЕЛЕЧЕГИ

**Бюллетень №2**

**Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети**
**А. Табалдиев атындагы социомаданий изилдөөлөр социологиялык борбору**

# УЛУТ БИРИМДИГИ - ӨЛКӨНҮН КЕЛЕЧЕГИ

**Бюллетень №2**

**Бишкек - 2023**

# МАЗМУНУ

**Киришүү .......................................................................................... 3**

**Жаран катары сыймыктануу перспективалары ...................... 6**

**Коомдогу болуп жаткан өзгөрүүлөр (социалдык, саясий, экономикалык, маданий), реалдуулуктар боюнча аттитюддар ......................................................................... 8**

**Канааттануу деңгээли (өкмөттүн ишмердүүлүгү, коомдук-саясий, экономикалык, руханий, адеп-ахлактык, жеке турмуш) ............................................................................. 18**

**“Ракурстар” келечекке үмүт (өлкө 5 жылдан кийин)............ 27**

**Корутунду ........................................................................................ 28**

**Тиркеме: Сурамжылоонун анкетасы ........................................... 32**

## Киришүү

Суверендүү, заманбап Кыргызстандын жаңы өнүгүү тарыхында фундаменталдуу өзгөрүүлөр болуп өтүүдө. Акыркы үч жылдын ичинде эле коомдук-саясий мүнөздөгү тарыхый окуялар буга мисал. Дегеле ушул заманбап коомдогу болуп жаткан өзгөрүүлөрдүн ичинде коомдук пикирдин абалы кандай перспективада экендигин изилдөө бүгүнкү күндөгү турмуштун маанилүү талабы. Ушул негизде “Улут биримдиги - өлкөнүн келечеги” темасындагы чакан изилдөө жүргүзүлдү.

Аталган изилдөө коомдук пикирди иликтөөгө багытталып, жаран катары сыймыктануу перспективалары, коомдогу болуп жаткан социалдык, саясий, экономикалык, маданий өзгөрүүлөр, реалдуу абал боюнча аттитюддар, жарандардын коомдук-саясий, экономикалык, руханий, адеп-ахлактык, жеке турмуштук жана өкмөттүн ишмердүүлүгүнө канааттануу деңгээлдери, калктын жашоо деңгээли жана “ракурстар” келечекке үмүт (өлкө 5 жылдан кийин) нюанстарынын палитрасында талдоого багытталды.

## Изилдөөнүн методикасы

“Улут биримдиги - өлкөнүн келечеги” темасындагы изилдөөнүн максаты азыркы учурдагы өлкөдөгү өзгөрүүлөргө карата коомдук пикирди талдоого багытталган. Сурамжылоодо сандык метод колдонулуп, атайын иштелип чыккан анкеталар боюнча Google Form онлайн платформада “кокустан тандап алуу” ыкмасы менен жүргүзүлдү. Изилдөөнүн башкы тобу (генеральная

совокупность) Кыргызстанда жашаган жалпы жарандар болуп, тандама тобун жаш курактары боюнча 18 жаштан жогоркуларга багытталып, суражылоого катышкандар 1000 респондентти түздү. Маалыматтарды киргизүү жана талдоо SPSS 22 (Statistical Package for the Social Sciences) атайын сандык маалыматтарды иштеп чыгуу жана талдоо үчүн статистикалык пакеттик программа аркылуу 95% ыктымалдуулук жана катасы 5%га чейин жол коюлган маалыматтар топтолуп талданды.

## Демографиялык маалыматтар

Респонденттердин жынысы боюнча респонденттердин 63,4% - аялдар, 36,6% - эркектер түздү. Жаш курагы боюнча: 18-28 жаштагылар – 35,4%, 29-39 – 22,1%, 40-49 – 23,3%, 50-62(57) – 11,6%, 63(58)+ - 7,6%. Билими боюнча: орто билимдүүлөр – 27,1%, атайын орто билимдүүлөр – 35,6%, жогорку билимдүүлөр – 37,3%. Учурда алектенген тармагы боюнча, айыл чарба (10,0%), өндүрүш (4,6%), билим берүү жана илим (20,9%), саламаттык сактоо (7,2%), курулуш (4,6%), ишкердик (7,0%), окуучу, студент (22,7%), тейлөө тармагы (3,1%), үй кожойкеси (4,9%), аскер, күч түзүмдөрү (2,0%), мамлекеттик кызмат (4,8%), туруктуу жумушу жоктор (4,6%) жана башка тармактагылар (3,6%) камтылган. Жашаган жери боюнча, шаар тургундары– 69,3%, айыл тургундары– 30,7%. Бишкек шаары - 34,9%, Ош шаары - 5,4%, Баткен - 9,4%, Жалал-Абад - 13,1%, Нарын - 10,9%, Ош - 4,7%, Талас - 6,7%, Чүй - 8,8%, Ысык-Көл - 6,1% облустарынын тургундары түзгөн (Таблица 1-6).

Таблица 1.

| Жынысы | Саны | % | Валиддүү % | Кумулятивдик % |
|---|---|---|---|---|
| Аял | 634 | 63.4 | 63.4 | 63.4 |
| Эркек | 366 | 36.6 | 36.6 | 100.0 |
| Жалпы | 1000 | 100.0 | 100.0 | |

Таблица 2.

| Жашы | Саны | % | Валиддүү % | Кумулятивдик % |
|---|---|---|---|---|
| 18-28 | 354 | 35.4 | 35.4 | 35.4 |
| 29-39 | 221 | 22.1 | 22.1 | 57.5 |
| 40-49 | 233 | 23.3 | 23.3 | 80.8 |
| 50-62(57) | 116 | 11.6 | 11.6 | 92.4 |
| 63(58)+ | 76 | 7.6 | 7.6 | 100.0 |
| Жалпы | 1000 | 100.0 | 100.0 | |

Таблица 3.

| Билими | Саны | % | Валиддүү % | Кумулятивдик % |
|---|---|---|---|---|
| Орто | 271 | 27.1 | 27.1 | 27.1 |
| Атайын орто | 356 | 35.6 | 35.6 | 62.7 |
| Жогорку | 373 | 37.3 | 37.3 | 100.0 |
| Жалпы | 1000 | 100.0 | 100.0 | |

Таблица 4.

| Учурда сиз алектенген тармак? | Саны | % | Валиддүү % | Кумулятивдик % |
|---|---|---|---|---|
| Айыл чарбасы | 100 | 10.0 | 10.0 | 10.0 |
| Өндүрүш | 46 | 4.6 | 4.6 | 14.6 |
| Билим берүү жана илим | 209 | 20.9 | 20.9 | 35.5 |
| Саламаттык сактоо | 72 | 7.2 | 7.2 | 42.7 |
| Курулуш | 46 | 4.6 | 4.6 | 47.3 |
| Ишкердик | 70 | 7.0 | 7.0 | 54.3 |
| Окуучу, студент | 227 | 22.7 | 22.7 | 77.0 |
| Тейлөө тармагы | 31 | 3.1 | 3.1 | 80.1 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Үй кожойкеси | 49 | 4.9 | 4.9 | 85.0 |
| Аскер, күч түзүмдөрү | 20 | 2.0 | 2.0 | 87.0 |
| Мамлекеттик кызмат | 48 | 4.8 | 4.8 | 91.8 |
| Туруктуу жумушум жок | 46 | 4.6 | 4.6 | 96.4 |
| Башка | 36 | 3.6 | 3.6 | 100.0 |
| Жалпы | 1000 | 100.0 | 100.0 | |

Таблица 5.

| Жашаган жери | Саны | % | Валиддүү % | Кумулятивдик % |
|---|---|---|---|---|
| Шаар | 693 | 69.3 | 69.3 | 69.3 |
| Айыл | 307 | 30.7 | 30.7 | 100.0 |
| Жалпы | 1000 | 100.0 | 100.0 | |


Таблица 6

| Облус | Саны | % | Валиддүү % | Кумулятивдик % |
|---|---|---|---|---|
| Бишкек шаары | 349 | 34.9 | 34.9 | 34.9 |
| Ош шаары | 54 | 5.4 | 5.4 | 40.3 |
| Баткен | 94 | 9.4 | 9.4 | 49.7 |
| Жалал-Абад | 131 | 13.1 | 13.1 | 62.8 |
| Нарын | 109 | 10.9 | 10.9 | 73.7 |
| Ош | 47 | 4.7 | 4.7 | 78.4 |
| Талас | 67 | 6.7 | 6.7 | 85.1 |
| Чүй | 88 | 8.8 | 8.8 | 93.9 |
| Ысык-Көл | 61 | 6.1 | 6.1 | 100.0 |
| Жалпы | 1000 | 100.0 | 100.0 | |

## Жаран катары сыймыктануу перспективалары

Ар бир улуттун анын коомдук бүтүндүгүн түзгөн мүчөлөрүнүн жаран катары ошол коомго идентүүлүгүн чагылдырган социалдык сыймыктануу перспективалары бар. Коомдо жарандар өлкөнүн жараны катары эмне менен сыймыктанат? Биздин социологиялык

изилдөөнүн жыйынтыктары көрсөткөндөй, 88,4% биринчи кезекте – эгемендүүлүгүбүз менен, ал эми 85,2%ы – байыркы тарыхыбыз, каада-салт, нарк, маданиятыбыз менен сыймыктанат. Бул сыймыктануу перспективалары жарандарыбыздын улуттук иденттүүлүгү жана аны чагылдырган мекенчилдик сезимдери алдыңкы орунда тургандыгын көрсөтөт. 80,4%ы - кооз жаратылышыбыз, 79,1% - элге эмгеги сиңген инсандар менен, 77,3% - мамлекетибиздин символдору менен (герб, гимн, туу), 76,8%ы – элдин ынтымагы менен, 76,1%ы – диний баалуулуктардын




| | Эгемендүүлүгүбүз менен | Байыркы тарыхыбыз, каада-салт, нарк, маданиятыбыз менен | Кооз жаратылышы менен | Элге эмгеги сиңген инсандары менен | Мамлекетибиздин символдору менен (герб, гимн, туу) | Элдин ынтымагы менен | Диний баалуулуктардын коомдогу таасирдүү орду менен | Демократия, эркин жашоо мүмкүнчүлүгү менен | Тилибиз менен |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ряд1 | 88,4% | 85,2% | 80,4% | 79,1% | 77,3% | 76,8% | 76,1% | 75,6% | 74,5% |

коомдогу орду жана 74,5% - тилибиз менен сыймыктанарын белгилешкен (төмөнкү 1-диаграмманы караңыз). Диаграмма 1

Мамлекеттин бүтүндүгү, туруктуу өнүгүшү жарандардын улуттук баалуулуктарды туу тутуп алдыга жылдыра алгандыгында эмеспи. Бул жыйынтыктар пост-модерндешкен заманда дүйнө элдеринин арасында кыргыз деген улуттун бар экендигин жарандардын жогоруда саналып өткөн улуттук сыймыктануу факторлору экендигин чагылдырууда. Жарандар дал ушул улуттук баалуулуктарды сактап калуу менен келечекке ынанымдуу кадам таштагысы келет.

**Коомдогу болуп жаткан өзгөрүүлөр (социалдык, саясий, экономикалык, маданий), реалдуулук боюнча аттитюддар**

Коом ар дайым динамикада болгон система, андагы болуп жаткан реалиялар өзгөрүүлөр менен жүрөт. Учурда өлкөдө, коомдук системада ошол өзгөрүүлөрдүн бир авангарды (кыймылдаткыч күчү) болгон лидер ким?

Изилдөөдө “Кыргызстанда азыркы учурда өлкөнү бириктирген, жалпы элди ээрчиткен лидер ким деп ойлойсуз?” деген ачык суроо берилген. Изилдөөнүн жыйынтыктарына карай турган болсок, 50,6%ы Кыргызстанда азыркы учурда өлкөнү бириктирген, жалпы элди ээрчиткен лидер КРнын президенти Садыр Нуркожоевич Жапаров деп эсептешет. Андан кийинки бешилтике кирген  пайыздык үлүшү жогорулар: 7,5%ы Камчыбек Кыдыршаевич Ташиев, 6%ы Нуржигит Кадырбекович Кадырбеков, 5,5%ы Эрулан Калчороевич Кокулов, 5%ы Адахан Кимсанбаевич Мадумаров, 3,8%ы Алмазбек Шаршенович Атамбаев. Жеңиш Парпиевич Раззаков 1%, Роза Исаковна Отунбаева 0,6%, Өмүрбек

Токтогулович Бабанов 0,5%, Сооронбай Шарипович Жээнбеков, Дастан Далабайевич Бекешев, Акылбек Усенбекович Жапаров, Равшан Бабырбекович Жээнбеков 0,2%, Аскар Мааткабылович Салымбеков, Марат Абдыразакович Султанов, Исхак Абсаматович Масалиев 0,1% ды түзгөн. Ал эми респонденттердин 18% "айта албайм" деген жоопту беришкен (төмөнкү 7-таблицаны караңыз).

Таблица 7

| **Кыргызстанда азыркы учурда өлкөнү бириктирген, жалпы элди ээрчиткен лидер ким деп ойлойсуз?** | Саны | % |
|---|---|---|
| КРнын президенти Садыр Нуркожоевич Жапаров | 506 | 50,6 |
| Камчыбек Кыдыршаевич Ташиев | 75 | 7,5 |
| Нуржигит Кадырбекович Кадырбеков | 60 | 6 |
| Эрулан Калчороевич Кокулов | 55 | 5,5 |
| Адахан Кимсанбаевич Мадумаров | 50 | 5 |
| Алмазбек Шаршенович Атамбаев | 38 | 3,8 |
| Жениш Парпиевич Разаков | 10 | 1 |
| Роза Исаковна Отунбаева | 6 | 0,6 |
| Өмүрбек Токтогулович Бабанов | 5 | 0,5 |
| Камчы Көлбаев | 3 | 0,3 |
| Сооронба́й Шарипович Жээнбеков | 3 | 0,3 |
| Дастан Далабайевич Бекешев | 2 | 0,2 |
| Акылбек Усенбекович Жапаров | 2 | 0,2 |
| Равшан Бабырбекович Жээнбеков | 2 | 0,2 |
| Аскар Мааткабылович Салымбеков | 1 | 0,1 |
| Марат Абдыразакович Султанов | 1 | 0,1 |
| Исхак Абсаматович Масалиев | 1 | 0,1 |
| Айта албайм | 180 | 18 |
| Жалпы | 1000 | 100 |

Кыргызстанда азыркы учурда өлкөнү бириктирген, жалпы элди ээрчиткен лидерлердин эң көп пайыздык үлүшү жогорулар жаш курактар боюнча Президент Жапаров Садыр Нуркожоевич дегендер 18-28 жаш (46,4%) аралыгындагылар, Ташиев Камчыбек Кыдыршаевич (22,7%), Кадырбеков Нуржигит Кадырбекович (38,3%) жана Мадумаров Адахан Кимсанбаевич (46,0%) 40-49 жаш аралыгындагылар, Кокулов Эрулан Калчороевич (25,5%), Атамбаев Алмазбек Шаршенович (39,5%) 29-39 жаш аралыгындагылар (төмөнкү 8-таблицаны караңыз).

Таблица 8. **Кыргызстанда азыркы учурда өлкөнү бириктирген, жалпы элди ээрчиткен лидер ким деп ойлойсуз?**

| Жаш курагы | | | 18-28 | 29-39 | 40-49 | 50-62(57) | 63(58)+ | **Жалпы** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Президент Жапаров Садыр Нуркожоевич | *Саны* | **235** | 98 | 96 | 44 | 33 | 506 |
| | | % | **46,4%** | 19,4% | 19,0% | 8,7% | 6,5% | 100% (50,6%) |
| 2. | Камчыбек Кыдыршаевич Ташиев | *Саны* | 16 | 14 | **17** | 14 | 14 | 75 |
| | | % | 21,3% | 18,7% | **22,7%** | 18,7% | 18,7% | 100% (7,5%) |
| 3. | Кадырбеков Нуржигит Кадырбекович | *Саны* | 14 | 15 | **23** | 6 | 2 | 60 |
| | | % | 23,3% | 25,0% | **38,3%** | 10,0% | 3,3% | 100% (6,0%) |
| 4. | Кокулов Эрулан Калчороевич | *Саны* | 10 | **14** | 12 | 10 | 9 | 55 |
| | | % | 18,2% | **25,5%** | 21,8% | 18,2% | 16,4% | 100% (5,5%) |
| 5. | Мадумаров Адахан Кимсанбаевич | *Саны* | 7 | 12 | **23** | 7 | 1 | 50 |
| | | % | 14,0% | 24,0% | **46,0%** | 14,0% | 2,0% | 100% (5,0%) |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 6. | Атамбаев Алмазбек Шаршенович | *Саны* | 5 | **15** | 10 | 6 | 2 | 38 |
| | | *%* | 13,2% | **39,5%** | 26,3% | 15,8% | 5,3% | 100% (3,8%) |

Белгилүү болгондой мамлекетибизде экономикага байланышкан бир топ жумушсуздук маселелери эгемендүүлүк жылдарынан баштап эле олуттуу тышкы миграциянын көбөйүшүнө таасирин тийгизип келет. Өлкөдө учурдагы абалга негизделип "Эгерде Сизде каалаган мамлекеттин жарандыгын тандап алуу мүмкүнчүлүгү болсо, анда кайсы өлкөнү тандап алат элеңиз?" деген суроо берилген. Суроого 47,0%ы Кыргызстанды, өз мекенибиздин жарандыгын тандап аларын белгилеген. Андан кийинки орунда АКШ жайгашкан, респонденттердин азыркы учурда алектенген тармактары боюнча караганда 15,0%ы айыл чарба; 15,3%ы билим берүү жана илим; 19,4%ы саламаттык сактоо; 20,0%ы аскер, күч түзүмдөрү тармагы; 20,3%ы окуучу, студент; 12,5%ы мамлекеттик кызмат; 16,7%ы башка тармактар жана жалпы 14,8%ды түзгөн. АКШдан кийин 9,7% пайыздык көрсөткүчтү түзгөн өлкө Түркия жана 7,2% Орусия Федерациясы, ошондой эле 11,8%ы "башка өлкө" дегендер (төмөнкү 9-таблицаны караңыз).

Таблица 9. **Тармактарга карата каалаган мамлекеттин жарандыгын тандап алуу мүмкүнчүлүгү**

| Эгерде Сизде каалаган мамлекеттин жарандыгын тандап алуу мүмкүнчүлүгү болсо, анда кайсы өлкөнү тандап алат элеңиз? | АКШ | Өзбекстан | Түркия | Кыргызстан | Орусия | Казакстан | Башка өлкө | Жалпы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Айыл чарбасы | **15,0%** | 6,0% | 12,0% | 33,0% | 11,0% | 9,0% | 14,0% | 100% |
| Өндүрүш | 10,9% | 6,5% | 10,9% | 50,0% | 6,5% | **10,9%** | 4,3% | 100% |
| Билим берүү жана илим | **15,3%** | 2,9% | 9,6% | 52,2% | 3,8% | 4,3% | 12,0% | 100% |
| Саламаттык сактоо | **19,4%** | 4,2% | 6,9% | 44,4% | 12,5% | 2,8% | 9,7% | 100% |
| Курулуш | 6,5% | 4,3% | 13,0% | 45,7% | 8,7% | 6,5% | **15,2%** | 100% |
| Ишкердик | 12,9% | 2,9% | 5,7% | 40,0% | **17,1%** | 8,6% | 12,9% | 100% |
| Окуучу, студент | **20,3%** | 0,9% | 9,7% | 47,6% | 3,1% | 4,0% | 14,5% | 100% |
| Тейлөө тармагы | 3,2% | 0,0% | 12,9% | 54,8% | 3,2% | 9,7% | **16,1%** | 100% |
| Үй кожойкеси | 6,1% | 10,2% | 14,3% | 44,9% | **12,2%** | 2,0% | 10,2% | 100% |
| Аскер, күч түзүмдөрү | **20,0%** | 5,0% | 15,0% | 35,0% | 15,0% | 0,0% | 10,0% | 100% |
| Мамлекеттик кызмат | **12,5%** | 10,4% | 8,3% | 56,3% | 8,3% | 4,2% | 0,0% | 100% |
| Туруктуу жумушум жок | 8,7% | 4,3% | 0,0% | 65,2% | 4,3% | 6,5% | **10,9%** | 100% |
| Башка тармактар | **16,7%** | 8,3% | 13,9% | 36,1% | 5,6% | 8,3% | 11,1% | 100% |
| Жалпы | **14,8%** | 4,0% | **9,7%** | **47,0%** | **7,2%** | 5,5% | **11,8%** | 100% |

Ал эми “Эмне үчүн ал өлкөнү тандамак элеңиз?” - суроого айыл чарбасы 23,0%, саламаттыкты сактоо 22,2%, курулуш 23,9%, окуучу, студентердин 22,5%ы, аскер, күч түзүмдөрүнүн 30%ы, мамлекеттик кызмат 25,0%, туруктуу жумушу жоктордун 23,9%ы –

“калктын жашоо деңгээли жогору” болгондугу үчүн тандашарын белгилешет. Билим берүү жана илим 19,1%ы, саламаттыкты сактоо 27,8%ы, ишкердик менен алектенгендердин 21,4%ы жана аскер, күч түзүмдөрүнүн 30,0%ы – “сапаттуу билим алуу мүмкүнчүлүгүнөн” тандашат. Ошондой эле, ишкердик менен алектенгендердин 21,4%ы, тейлөө тармагындагылардын 22,6%ы – “турмуш тиричиликти оңдоо мүмкүнчүлүгү болгондугун” эсептешет. Муну менен катар “бул менин мекеним” дегендер ар бир тармак боюнча пайыздык көрсөткүчтөрү жогору (төмөндөгү 10-таблицаны караңыз).


Таблица 10. **Эмне себептен ал өлкөнү тандамак элеңиз?**

| **Алектенген тармактар** | **Калктын жашоо деңгээли жогору** | **Сапаттуу билим алуу мүмкүнчүлүгү** | **Турмуш-тиричиликти оңдоо** | **Бул менин мекеним** | **Тугандарым жашайт** | **Тили, маданияты жактан жакын** | **Тынч, бейпил өлкө/ Спокойная,** | **Башка** | **Жалпы** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Айыл чарбасы | **23,0%** | 22,0% | 21,0% | 15,0% | 4,0% | 6,0% | 4,0% | 5,0% | 100% |
| Өндүрүш | 19,6% | 23,9% | 15,2% | **32,6%** | 0,0% | 8,7% | 0,0% | 0,0% | 100% |
| Билим берүү жана илим | 17,2% | **19,1%** | 9,6% | **38,8%** | 2,9% | 3,3% | 7,2% | 1,9% | 100% |
| Саламаттык сактоо | **22,2%** | **27,8%** | 9,7% | 19,4% | 5,6% | 5,6% | 1,4% | 8,3% | 100% |
| Курулуш | **23,9%** | 13,0% | 15,2% | **23,9%** | 10,9% | 4,3% | 6,5% | 2,2% | 100% |
| Ишкердик | 18,6% | **21,4%** | **21,4%** | **30,0%** | 2,9% | 2,9% | 0,0% | 2,9% | 100% |
| Окуучу, студент | **22,5%** | 14,5% | 7,0% | **31,7%** | 1,3% | 6,2% | 7,9% | 8,8% | 100% |
| Тейлөө тармагы | 3,2% | 16,1% | **22,6%** | **41,9%** | 3,2% | 6,5% | 6,5% | 0,0% | 100% |
| Үй кожойкеси | 20,4% | 6,1% | **26,5%** | **28,6%** | 10,2% | 6,1% | 2,0% | 0,0% | 100% |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Аскер, күч түзүмдөрү | **30,0%** | **30,0%** | 0,0% | 15,0% | 10,0% | 10,0% | 0,0% | 5,0% | 100% |
| Мамлекеттик кызмат | **25,0%** | 16,7% | 10,4% | **37,5%** | 4,2% | 2,1% | 2,1% | 2,1% | 100% |
| Туруктуу жумушум жок | **23,9%** | 19,6% | 17,4% | 13,0% | 13,0% | 4,3% | 6,5% | 2,2% | 100% |
| Башка | 16,7% | 11,1% | 8,3% | **30,6%** | 13,9% | 8,3% | 2,8% | 8,3% | 100% |

"Эгерде Сизде каалаган мамлекеттин жарандыгын тандап алуу мүмкүнчүлүгү болсо, анда кайсы өлкөнү тандап алат элеңиз?" деген суроого билим деңгээли боюнча карай турган болсок, жалпысынан Кыргызстанды белгилешкен. Андан кийин орто билимдүүлөрдүн 20,7%ы АКШны, атайын орто билимдүүлөрдүн 13,2% башка өлкө, жогорку билимдүүлөрдүн 12,6%ы АКШны белгилешкен (төмөнкү 2-диаграмманы караңыз).

Диаграмма 2 **Эгерде сизде каалаган мамлекеттин жарандыгын тандап алуу мүмкүнчүлүгү болсо, анда кайсы өлкөнү тандап алат**




**элеңиз?**

Изилдөө процессинин жүрүшүндө "Эгерде Сизде каалаган мамлекеттин жарандыгын тандап алуу мүмкүнчүлүгү болсо, анда

кайсы өлкөнү тандап алат элеңиз?- Эмне себептен ал өлкөнү тандамак элеңиз?” деген суроолордун жоопторун карай турган болсок, Кыргызстандын жарандыгын тандайм дегендер - 55,7%ы бул менин мекеним деген. АКШ жарандыгын тандап алууну белгилегендердин 38,5% - “сапаттуу билим алуу мүмкүнчүлүгү” жана 35,8% - “калктын жашоо деңгээли жогору болгондугу үчүн” деген. Өзбекстандын жарандыгын алууну каалагандардын жогорку көрсөткүчү 20,0% - “турмуш-тиричиликти оңдоо мүмкүнчүлүгү” деп эсептешет. Түркия Республикасынын жарандыгын тандамакмын дегендердин 25,8% “калктын жашоо деңгээли жогору” жана 24,7% - “сапаттуу билим алуу мүмкүнчүлүгү” себебин белгилешет. Ал эми Орусия Федерациясын 29,2%ы – “турмуш тиричиликти оңдоо мүмкүнчүлүгү” жана 25,0% “калктын жашоо деңгээли жогору болгондугу үчүн”. Казакстан Республикасын 21,8% “туугандары жашагандыгы” жана 18,2%ы “тили, маданияты жактан жакын болгондугунан” деген. Ал эми башка өлкө дегендер - 24,6% калктын жашоо деңгээли жогору деп эсептешет (төмөнкү 11-таблицаны караңыз).

Таблица 11. **Эмне себептен ал өлкөнү тандамак элеңиз?**


| Эгерде Сизде каалаган мамлекеттин жарандыгын тандап алуу мүмкүнчүлүгү болсо, анда кайсы өлкөнү тандап алат элеңиз? | **Калктын жашоо деңгээли жогору** | **Сапаттуу билим алуу мүмкүнчүлүгү** | **Турмуш-тиричиликти оңдоо мүмкүнчүлүгү** | **Бул менин мекеним** | **Туугандарым жашайт** | **Тили, маданияты жактан жакын** | **Тынч, бейпил өлкө/ Спокойная, стабильная** | **Башка** | **Жалпы** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| *АКШ* | **35,8%** | **38,5%** | 12,2% | 2,0% | 1,4% | 2,0% | 2,0% | 6,1% | 100% |
| *Өзбекстан* | 17,5% | 12,5% | **20,0%** | 15,0% | 7,5% | 10,0% | 10,0% | 7,5% | 100% |
| *Түркия* | **25,8%** | **24,7%** | 16,5% | 7,2% | 4,1% | 10,3% | 6,2% | 5,2% | 100% |
| *Кыргызстан* | 14,0% | 10,9% | 7,2% | **55,7%** | 4,3% | 2,6% | 3,0% | 2,3% | 100% |
| *Орусия Федерациясы* | **25,0%** | 19,4% | **29,2%** | 4,2% | 1,4% | 11,1% | 4,2% | 5,6% | 100% |
| *Казакстан* | 12,7% | 10,9% | 14,5% | 14,5% | **21,8%** | **18,2%** | 5,5% | 1,8% | 100% |
| *Башка өлкө* | **24,6%** | 21,2% | 20,3% | 4,2% | 2,5% | 4,2% | 13,6% | 9,3% | 100% |
| *Жалпы* | **20,5%** | 18,2% | 12,9% | **29,4%** | 4,5% | 5,2% | 4,9% | 4,4% | 100% |

Биздин социологиялык иликтөөнүн жыйынтыктары тастыктап тургандай, башка өлкөнүн жарандыгын тандап алууну каалагандар негизинен эле аталган өлкөлөрдүн билим жана экономикалык жактан Кыргызстандан бир топ жогору экендигин белгилешет. Мисалы “калктын жашоо деңгээли жогору, турмуш -тиричиликти оңдоо мүмкүнчүлүгү” – жооптору азыркы учурда коомдук жашоодо экономикалык кризистердин маанилүү нюанстарын чагылдырат, тагырак айтканда жарандар экономикалык кризистерден чыгуунун жолу катары башка өлкөнүн жарандыгын алууну тандашат.

“Эмне себептен ал өлкөнүн жарандыгын тандамак элеңиз?” суроосуна респонденттердин билим деңгээли боюнча караганда, орто билимдүүлөрдүн 26,6%ы – “калктын жашоо деңгээли жогору”, атайын орто билимдүүлөрдүн 24,7% жана жогорку билимдүүлөрдүн 37,5%ы – “бул менени мекеним” деген. Ошондой эле, атайын орто билимдүүлөрдүн 21,1%ы – “сапаттуу билим алуу мүмкүнчүлүгү” десе, жогорку билимдүүлөрдүн 20,6%ы – “калктын жашоо деңгээли жогору” деген (төмөндөгү 3-диаграмманы караңыз).

Диаграмма 3. **Эмне себептен ал өлкөнү тандамак элеңиз?**




Демек, орто билим деңгээлиндегилер башка өлкөнүн жарандыгын тандоо себеби, башка мамлекеттердин калкынын жашоо деңгээли жогору, ал эми биздин өлкөдө төмөн деген пикирде. Атайын орто жана жогорку билимдүүлөр биринчиден өз өлкөбүздү тандайт, андан кийинки себеп сапаттуу билим алуу мүмкүнчүлүгү болгондугун белгилешет.

Коом ар дайым динамикада болуп турган система. Ал эми өтө узун хронометражда эмес, дал ушул учур, т.а. эң жакынкы убакыт интервалы катары акыркы 3 жылдагы болуп жаткан коомдук өзгөрүүлөргө жарандардын пикири кандай? Ушул негизде сурамжылоодо “Кыргызстанда акыркы 3 жылда коомдогу болуп жаткан өзгөрүүлөрдү кандай баалайсыз?” суроосу берилген. Акыркы 3 жылдагы “социалдык өзгөрүүлөргө 77,1%ы - “оң”, 20,4%ы – “терс”, 2,5%ы - “болгон жок” деп эсептешет. Саясий өзгөрүүлөр боюнча карасак, 57,1%ы – “оң”, 37,7%ы – “терс”,

5,25%ы – “болгон жок” экендигин билдиришет. Экономикада 64,9%ы – “оӊ”, 30,2%ы – “терс” жана 4,9%ы - өзгөрүүлөр болгон жок дешет. Маданий жааттагы өзгөрүүлөр боюнча, 59,1%ы – “оӊ”, 36,2%ы – “терс” жана 4,7%ы – “болгон жок” экендигин билдиришкен (төмөнкү 4-диаграмманы караӊыз).

Диаграмма 4. Кыргызстанда акыркы 3 жылда коомдогу болуп жаткан өзгөрүүлөрдү кандай баалайсыз?





Биздин социологиялык изилдөөнүн жыйынтыктары көрсөткөндөй, жарандардын баалоосу боюнча өлкөдөгү акыркы 3 жылда болуп жаткан өзгөрүүлөргө карата “терс” жана “болгон жок” деген пикирлерге салыштырмалуу “оӊ” пайыздык көрсөткүчтөр жогору. Жарандардын коомдо кандайдыр бир деӊгээлде прогресс болуп жатат деген пикирде экендигин тастыктайт.

## Канааттануу деӊгээли (өкмөттүн ишмердүүлүгү, коомдук-саясий, экономикалык, руханий, адеп-ахлактык, жеке турмуш)

Изилдөөдө өлкөбүздөгү азыркы кырдаалдарга карата канааттануу деӊгээли боюнча суроо берилген. Карай турган болсок,

өкмөттүн ишмердүүлүгүнө 47,1%ы - “төмөн”, 37,0%ы – “орто”, 15,9% - “жогору”. Коомдук-саясий кырдаалга эң жогорку көрсөткүч 51,7%ы – “орто” деңгээлде. Экономикалык абалга эң көп 39,0%ы - “төмөн” баалашкан. Рухий, адеп-ахлактык абал боюнча 41,9%ы – “орто” деңгээлде. Жарандардын өз жеке турмушу боюнча канааттануу абалы 40,9%ы - “орто” (төмөндөгү 5-диаграмманы караңыз). Мындагы жыйынтыктар көрсөтүп тургандай, өлкөбүздөгү азыркы кырдаалдар боюнча канаттануу абалында “төмөндөн - орто” деңгээл интервалындагы тенденция байкалат.

Диаграмма 5. **Өлкөбүздөгү азыркы кырдаалдар боюнча канааттануу деңгээлиңиз кандай?**




Респонденттердин азыркы учурда алектенген тармагы боюнча өлкөбүздөгү азыркы кырдаалдарга карата канааттануу деңгээлин карай турган болсок, респонденттер арасында жогорку көрсөткүчтөргө ээ болгон модалдык позициялар төмөндөгүчө:

- Өкмөттүн ишмердүүлүгүнө: айыл чарбасы - 65,0%, өндүрүш - 54,3%, саламаттык сактоо - 52,8%, курулуш - 56,5%, ишкердик -

57,1%, тейлөө тармагы - 45,2%, үй-кожойкеси - 40,8%, аскер, күч түзүмдөрү - 55,0%, мамлекеттик кызмат - 39,6%, туруктуу жумушу жоктор - 63,0%, башка тармактар - 55,6%ы "төмөн" деп баалашкан. Ал эми, билим берүү жана илим - 43,5%, окуучу, студент - 44,1%, тейлөө тармагы - 45,2%ы "орто" деңгээлде канааттанган позицияны тандагандар көпчүлүктү түзгөн.

- Коомдук-саясий абал боюнча: айыл чарбасы - 46,0%, өндүрүш - 63,0%, билим берүү жана илим - 52,2%, саламаттык сактоо - 48,6%, курулуш - 60,9%, ишкердик - 57,1%, окуучу, студент - 47,1%, тейлөө тармагы - 48,4%, үй-кожойкеси - 46,9%, туруктуу жумушу жоктор – 73,9%, башка тармактагылардын 77,8%ы "орто" деңгээлде канааттанышса, аскер, күч түзүмдөрү - 40,0% жана мамлекеттик кызмат тармагындагылардын - 43,8%ы "төмөнкү" позицияда.
- Экономикалык кырдаал боюнча карасак, айыл чарбасы - 53,0%, саламаттыкты сактоо - 44,4%, ишкердик - 38,6%, үй- кожойкеси - 40,8%, аскер, күч түзүмдөрү - 50,0%, мамлекеттик кызмат - 41,7%ынын канааттануу абалы "төмөн". Ал эми өндүрүш - 39,1%, билим берүү жана илим -40,2%, курулуш - 41,3%, окуучу, студент - 40,5% жана тейлөө тармагындагылардын - 41,9%ы "орто" деңгээлде канааттанышат.
- Рухий, адеп-ахлактык абал боюнча карасак, айыл чарбасы - 3,0%, тейлөө тармагы - 41,9%, үй кожойкеси - 36,7%, аскер күч түзүмдөрү тармагында алектенгендердин - 35,0%ы "төмөн" деп эсептешсе, өндүрүш - 47,8%, билим берүү жана илим - 45,5%,

саламаттык сактоо - 41,7%, курулуш - 54,3%, ишкердик менен алектенгендер - 40,0%, окуучу, студенттердин - 38,8%ы тейлөө тармагындагылардын - 41,9%, аскер, күч түзүмдөрүнүн – 35,0%ы “орто” деңгээлде канааттанышат.

- Жарандардын өз жеке турмушуна канааттануу абалын учурдагы алектенип жаткан тармагы боюнча карасак, салыштырмалуу пайыздык көрсөткүчү жогору болгондор үй – кожойкелери, жеке турмушу боюнча канааттануусу “жогору” 34,7%, өндүрүш - 41,3%, билим берүү жана илим - 42,6%, ишкердик менен алектенгендердин - 48,6%ы, окуучу, студенттер - 40,5%ы, тейлөө тармагындагылардын - 45,2%ы, мамлекеттик кызматтагылардын - 41,7%, башка тармактагылардын - 47,2%ы жана туруктуу жумушу жоктордун - 47,8%нын жеке турмушуна канааттануу абалы “орто”. Ал эми айыл чарбасында алектенгендердин - 49,0%ы, саламаттыкты сактоо - 38,9%ы, курулуш тармагындагылардын - 47,8%ы, аскер, күч түзүмдөрүнүн – 40,0%нын жеке турмушуна канааттануу абалы “төмөн” (төмөнкү 12-таблицаны караңыз).

Бул жерде белгилей кетүүчү жагдай, орточо көрсөткүчтөргө байланыштуу. “Өкмөттүн ишмердүүлүгү” жана “Экономикалык” кырдаалдар боюнча гана “төмөн” канааттануу позициясы биринчи орунга чыккан. Башка бардык кырдаалдарга карата “орто” канааттануу позициясын белгилегендер көпчүлүктү түзүп, 40,7%дан 53,1%га чейинки маанилерди байкайбыз. Ал эми “жогорку” канааттануу позициясын тандагандар сунушталган эч

бир кырдаал боюнча алдыга чыга алган эмес. Бул позицияны белгилегендердин үлүшү 15%дан 25%га чейин түзгөн. Эң кызыгы, “жогорку” деңгээлдеги канааттануу позициясын боюнча бийик көрсөткүч болгон 24,8% экономикалык кырдаалга карата баалоодо байкалган. Башкача айтканда, экономикалык абалга карата ар бир төртүнчү жаран **жогорку** деңгээлде канааттануусун белгилеген.

Таблица 12. **Өлкөбүздө азыркы кырдаалдар боюнча канааттануу деңгээлиңиз кандай?**

| Учурда сиз алектенген тармак? | Өкмөттүн ишмердүүлүгү | | | Коомдук-саясий | | | Экономикалык | | | Руханий, адеп-ахлактык | | | Өзүңүздүн жеке турмушуңуз | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Төмөн | Орто | Жогору | Төмөн | Орто | Жогору | Төмөн | Орто | Жогору | Төмөн | Орто | Жогору | Төмөн | Орто | Жогору |
| Айыл чарбасы | **65,0%** | 24,0% | 11,0% | 41,0% | **46,0%** | 13,0% | **53,0%** | 24,0% | 23,0% | **43,0%** | 41,0% | 16,0% | **49,0%** | 38,0% | 13,0% |
| Өндүрүш | **54,3%** | 37,0% | 8,7% | 28,3% | **63,0%** | 8,7% | 37,0% | **39,1%** | 23,9% | 43,5% | **47,8%** | 8,7% | 39,1% | **41,3%** | 19,6% |
| Билим берүү жана илим | 38,3% | **43,5%** | 18,2% | 32,1% | **52,2%** | 15,8% | 38,3% | **40,2%** | 21,5% | 34,4% | **45,5%** | 20,1% | 30,6% | **42,6%** | 26,8% |
| Саламаттык сактоо | **52,8%** | 29,2% | 18,1% | 31,9% | **48,6%** | 19,4% | **44,4%** | 27,8% | 27,8% | 37,5% | **41,7%** | 20,8% | **38,9%** | 31,9% | 29,2% |
| Курулуш | **56,5%** | 32,6% | 10,9% | 32,6% | **60,9%** | 6,5% | 34,8% | **41,3%** | 23,9% | 32,6% | **54,3%** | 13,0% | **47,8%** | 41,3% | 10,9% |
| Ишкердик | **57,1%** | 31,4% | 11,4% | 30,0% | **57,1%** | 12,9% | **38,6%** | 37,1% | 24,3% | 37,1% | **40,0%** | 22,9% | 32,9% | **48,6%** | 18,6% |
| Окуучу, студент | 37,0% | **44,1%** | 18,9% | 30,4% | **47,1%** | 22,5% | 36,6% | **40,5%** | 22,9% | 35,2% | **38,8%** | 26,0% | 31,7% | **40,5%** | 27,8% |
| Тейлөө тармагы | **45,2%** | **45,2%** | 9,7% | 41,9% | **48,4%** | 9,7% | 32,3% | **41,9%** | 25,8% | **41,9%** | **41,9%** | 16,1% | 35,5% | **45,2%** | 19,4% |
| Үй-кожойкеси | **40,8%** | 38,8% | 20,4% | 28,6% | **46,9%** | 24,5% | **40,8%** | 36,7% | 22,4% | **36,7%** | 32,7% | 30,6% | 32,7% | 32,7% | **34,7%** |
| Аскер, күч түзүмдөрү | **55,0%** | 25,0% | 20,0% | **40,0%** | 35,0% | 25,0% | **50,0%** | 25,0% | 25,0% | **35,0%** | **35,0%** | 30,0% | **40,0%** | 30,0% | 30,0% |
| Мамлекеттик кызмат | **39,6%** | 35,4% | 25,0% | **43,8%** | 33,3% | 22,9% | **41,7%** | 29,2% | 29,2% | 33,3% | **37,5%** | 29,2% | 33,3% | **41,7%** | 25,0% |
| Туруктуу жумушум жок | **63,0%** | 23,9% | 13,0% | 13,0% | **73,9%** | 13,0% | 30,4% | **41,3%** | 28,3% | 39,1% | **45,7%** | 15,2% | 34,8% | **47,8%** | 17,4% |
| Башка тармактар | **55,6%** | 38,9% | 5,6% | 19,4% | **77,8%** | 2,8% | 22,2% | **52,8%** | 25,0% | 38,9% | **41,7%** | 19,4% | 30,6% | **47,2%** | 22,2% |
| **Орточо көрсөткүч** | **50,8** | 34,5 | 14,7 | 31,8 | **53,1** | 15,1 | **38,5** | 36,7 | **24,8** | 37,6 | **41,8** | 20,6 | 36,7 | **40,7** | 22,7 |

Өлкөбүздөгү азыркы кырдаалдар боюнча канааттануу абалын аймактар боюнча карай турган болсок, жалпы окшоштуктар менен катар, айрым бир өзгөчөлүктөрдү да байкоого болот. Аймактар боюнча лидердик позициялар же көпчүлүктүн тандоосуна ээ болушу боюнча абал төмөндөгүчө:

- Өкмөттүн ишмердүүлүгүнө Бишкек шаары 42,7%, Ош шаары 59,3%, Баткен 39,4%, Жалал-Абад 49,6%, Нарын 63,3%, Ош 48,9%, Талас 50,7%, Ысык-Көл облусу 44,3%ы "төмөн" канааттануу позициясын белгилешкен. Мында Чүй облусунда гана, модалдык көрсөткүч 48,3% менен, "орто" деңгээлде канааттануу позициясын байкайбыз.
- Коомдук-саясий кырдаалдарга Бишкек шаары 51,0%ы, Ош шаары 57,4%ы, Баткен 44,7%ы, Жалал-Абад 59,5%ы, Нарын 51,4%ы, Ош 53,2%ы, Талас 58,2%ы, Ысык-Көл облусу 44,3%ы "төмөн" жана Чүй облусу 46,6%ы "орто" деп баалашкан.
- Өлкөдөгү экономикалык абал боюнча, Ош шаары 46,3%, Нарын 42,2%, Ош облусу 46,8%, Талас 40,3%, Чүй 42,0%, Ысык-Көл облусу 34,4%ы "төмөн", Бишкек шаары 39,5%, Жалал-Абад 38,2%ы "орто" жана Баткен облусу "жогору" баалашкан.
- Руханий, адеп-ахлактык абал боюнча, Бишкек шаары 51,0%ы, Ош шаары 57,4%ы, Баткен 44,7%ы, Жалал-Абад 59,5%ы, Ош 53,2%ы, Талас 58,2%ы, Чүй облусу 46,6%ы "орто" Нарын 45,9% жана Ысык-Көл облустарынын 27,9%ы "төмөн" деңгээлде канааттанышат.
- Жарандардын жеке турмушу боюнча аймактар боюнча караганда, Бишкек (45,3%), Ош (40,7%) шаарлары жана Баткен (35,1%), Ош (48,9%) жана Талас (44,8%) облустары "орто", ал эми Жалал-Абад - 41,2%, Нарын - 51,4%, Чүй - 42,0% жана Ысык-Көл

- 39,3% облустары көрсөтүлгөн маанилер менен “төмөн” деп баалашкан. Өлкөдөгү акыркы кырдаалдар боюнча облустарга карата жалпысынан “жогорку” деңгээлде баалагандар салыштырмалуу пайыздык көрсөткүчтөрү төмөн болгон (төмөнкү 13-таблицаны караңыз).

Жалпысынан, изилдөөнүн пайыздык көрсөткүчтөрү көрсөтүп тургандай, жарандардын өлкөбүздөгү азыркы кырдаалдар боюнча канааттануу абалы “жогорку” интервалдан бир топ алыс. Бул канааттануунун пайыздык көрсөткүчтөрү чындыгында өлкөдө жарандарды тынчсыздардырган бир топ маселелердин мозаикасын чагылдырган картинаны көрсөтөт.


Таблица 13. **Өлкөбүздөгү азыркы кырдаалдар боюнча канааттануу деңгээлиңиз кандай?**

| **Аймактар** | Өкмөттүн ишмердүүлүгү | | | Коомдук-саясий | | | Экономикалык | | | Руханий, адеп-ахлактык | | | Өзүңүздүн жеке турмушуңуз | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Төмөн | Орто | Жогору | Төмөн | Орто | Жогору | Төмөн | Орто | Жогору | Төмөн | Орто | Жогору | Төмөн | Орто | Жогору |
| Бишкек шаары | **42,7%** | 40,1% | 17,2% | 31,8% | **51,0%** | 17,2% | 38,7% | **39,5%** | 21,8% | 36,7% | **41,3%** | 22,1% | 28,9% | **45,3%** | 25,8% |
| Ош шаары | **59,3%** | 35,2% | 5,6% | 35,2% | **57,4%** | 7,4% | **46,3%** | 24,1% | 29,6% | 40,7% | **44,4%** | 14,8% | 35,2% | **40,7%** | 24,1% |
| Баткен о. | **39,4%** | 30,9% | 29,8% | 22,3% | **44,7%** | 33,0% | 29,8% | 34,0% | **36,2%** | 33,0% | **36,2%** | 30,9% | 29,8% | **35,1%** | 35,1% |
| Жалал- Абад о. | **49,6%** | 39,7% | 10,7% | 25,2% | **59,5%** | 15,3% | 37,4% | **38,2%** | 24,4% | 37,4% | **39,7%** | 22,9% | **41,2%** | 38,2% | 20,6% |
| Нарын о. | **63,3%** | 25,7% | 11,0% | 40,4% | **51,4%** | 8,3% | **42,2%** | 38,5% | 19,3% | **45,9%** | 39,4% | 14,7% | **51,4%** | 34,9% | 13,8% |
| Ош о. | **48,9%** | 34,0% | 17,0% | 31,9% | **53,2%** | 14,9% | **46,8%** | 29,8% | 23,4% | 27,7% | **57,4%** | 14,9% | 27,7% | **48,9%** | 23,4% |
| Талас о. | **50,7%** | 38,8% | 10,4% | 28,4% | **58,2%** | 13,4% | **40,3%** | 40,3% | 19,4% | 34,3% | **43,3%** | 22,4% | 32,8% | **44,8%** | 22,4% |
| Чүй о. | 39,8% | **48,9%** | 11,4% | 44,3% | **46,6%** | 9,1% | **42,0%** | 39,8% | 18,2% | 40,9% | **46,6%** | 12,5% | **42,0%** | 39,8% | 18,2% |
| Ысык-Көл о. | **44,3%** | 27,9% | 27,9% | 27,9% | **44,3%** | 27,9% | **34,4%** | 32,8% | 32,8% | 27,9% | **41,0%** | 31,1% | **39,3%** | 32,8% | 27,9% |
| **Жалпы** | **47,1%** | 37,0% | 15,9% | 31,8% | **51,7%** | 16,5% | **39,0%** | 37,1% | 23,9% | 36,9% | **41,9%** | 21,2% | 35,4% | **40,9%** | 23,7% |

**“Ракурстар” келечекке үмүт (өлкө 5 жылдан кийин)**

Убакыт хронометражындагы келечек же тагыраак айтканда алдыңкы 5 жыл азыркы заманбап социалдык жашоодо абдан маанилүү. Ылдамдык менен трансформация болуп жаткан азыркы кылымда биздин өлкө алдыңкы 5 жылдан кийинки абалына жарандар кандай ракурс менен карайт? 73,9% - “саясий өнүккөн өлкө болот”, 71,6%ы – “жарандардын жашоо шарты жакшырат”, 68,8%ы – “маданий, руханий өнүккөн өлкө болот”, 67,0%ы – “социалдык жактан өнүккөн болот”, 61,7%ы – “экономикалык өнүккөн өлкө болот”. Ал эми 52,6%ы “ушул эле бойдон калат” деген пикирде. Албетте изилдөөнүн жүрүшүндө респонденттер алдыңкы 5 жылда өлкөдө коомдук түзүлүштөгү прогресс болоруна позиттивдүү ракурс үмүтү менен карашат (төмөнкү 6-диаграмманы караңыз).

Диаграмма 6. **Кыргызстан 5 жылдан кийин: ...**




Мындагы жыйынтыктардан көрүнүп тургандай жарандар жакынкы 5 жыл аралыгында өлкө социалдык-экономикалык, саясий, маданий ж.б кескин секирик жасап жогорку прогресске

жетишине ишеним аз болсо да, коомдук түзүлүштөрдө албетте акырындык менен өнүгүү болот деген ракурс бар.

## Корутунду

Азыркы заманбап кыргыз коомчулугунда жарандарды улут катары бириктирип турган факторлордун башында өлкөнүн жараны катары сыймыктануу перспективалары "эгемендүүлүгүбүз", "байыркы тарыхыбыз, каада-салт, нарк, маданиятыбыз" болуп саналат. Жарандардын пикиринде глобалдуу дүйнөдө кыргыз эли үлкөн тарыхы бар уюткулуу эл экендигин улап келе жаткан, кыргыз улутун бириктирген эң башкы фактор – "улуттук баалуулуктар". Азыркы учурда өлкөнү бириктирген, жалпы элди ээрчиткен, коомдук системада өзгөрүүлөрдүн бир авангарды (кыймылдаткыч күчү) болгон лидер КРнын президенти Садыр Жапаров Нуркожоевич деген ишеним бар. Бул коомдук пикир албетте, өлкө башчысын легитимдүү эле эмес, реалдуу социалдык жашоодо да улутту бириктирүүчү лидер экендигине ишеним деңгээли жогору экендигин көрсөтөт.

Жакынкы убакыт аралыгындагы маанилүү мамлекеттик бурулуштан кийин жарандардын баалоосу боюнча өлкөдөгү акыркы 3 жылда болуп жаткан социалдык, саясий, экономикалык жана маданий өзгөрүүлөргө карата "терс" жана "болгон жок" деген пикирлерге салыштырмалуу "оң" баалаган пайыздык көрсөткүчтөр жогору. Жарандар акыркы 3 жылдан бери коомдо кандайдыр бир деңгээлде прогресс болуп жатат деген пикирде.

Ошону менен катар изилдөөнүн жүрүшүндө азыркы трансформацияланып жаткан социалдык жашоодо жарандарды мамлекеттеги бир топ экономикалык абалдар тынчсыздандырат. “Эгерде Сизде каалаган мамлекеттин жарандыгын тандап алуу мүмкүнчүлүгү болсо, анда кайсы өлкөнү тандап алат элеңиз?” деген суроодо жарандардын 47,0%ы Кыргызстанды эле тандап аларын белгилешкен. Суверендүүлүк алган жылдардан бери белгилүү болгондой тышкы миграция агымы Орусия Федерациясына басымдуу болуп келген болсо, биздин изилдөөнүн жыйынтыктары тастыктагандай акыркы мезгилде 14,8%ы АКШны тандарын белгилешкен. АКШ жарандыгын тандап алууну белгилегендердин алды 38,5%ы “сапаттуу билим алуу мүмкүнчүлүгү” жана 35,8%ы “калктын жашоо деңгээли жогору” болгондугу үчүн деген. Демек бул көрсөткүчтөр акыркы убактагы Орусия-Украина мамлекеттеринин ортосундагы абалдардан улам тышкы мобилдүүлүктүн багыты Орусия Федерациясынан АКШга бурулуп, жарандардын бир топ мүмкүнчүлүктөрдү аталган өлкөдөн издеп жаткандыгын байкоого болот.

Жалпысынан биздин социологиялык иликтөөнүн жыйынтыктары тастыктап тургандай, башка өлкөнүн жарандыгын тандап алууну каалагандар негизинен эле аталган өлкөлөрдүн билим жана экономикалык жактан Кыргызстандан бир топ жогору экендигин белгилешет. Мисалы “калктын жашоо деңгээли жогору, турмуш-тиричиликти оңдоо мүмкүнчүлүгү”, “сапаттуу билим алуу мүмкүнчүлүгү”– жооптору азыркы учурда коомдук жашоодо

экономикалык кризистердин маанилүү нюанстарын чагылдырат, тагыраак айтканда жарандарда экономикалык кризистерден чыгуунун жолу катары башка өлкөнүн жарандыгын алуу пикири бар.

Изилдөө процедурасында өлкөбүздөгү азыркы кырдаалдарга карата канааттануу деңгээли "төмөндөн - орто" деңгээл интервалындагы тенденция байкалган. Карай турган болсок, өкмөттүн ишмердүүлүгүнө 47,1%, экономикалык абал боюнча эң көп 39,0%ы - "төмөн", коомдук-саясий кырдаалга эң жогорку көрсөткүч 51,7%, рухий, адеп-ахлактык абал боюнча 41,9%ы – "орто" деңгээлде канаттанат. Жалпысынан, изилдөөнүн пайыздык көрсөткүчтөрү көрсөтүп тургандай, жарандардын өлкөбүздөгү азыркы кырдаалдар боюнча канааттануу абалы "жогорку" интервалдан бир топ алыс. Бул канааттануунун пайыздык көрсөткүчтөрү, чындыгында өлкөдө жарандарды тынчсыздардырган бир топ маселелердин мозаикасын чагылдырат, тагыраак айтканда экономикалык абалдан саясий кырдаалдарды көздөй.

Ар бир улуттун убакыт хронометражындагы келечек же тагыраак айтканда алдыңкы 5 жылы азыркы заманбап социалдык жашоодо абдан маанилүү. Ылдамдык менен трансформация болуп жаткан азыркы кылымда биздин өлкө алдыңкы 5 жылдан кийинки абалына жарандар кандай ракурс менен карайт? 73,9% - саясий өнүккөн өлкө болот, 71,6%ы - жарандардын жашоо шарты жакшырат, 68,8%ы – маданий, руханий өнүккөн өлкө болот,

67,0%ы – социалдык жактан өнүккөн болот, 61,7ы – экономикалык өнүккөн өлкө болот. Ал эми 52,6%ы “ушул эле бойдон калат” деген пикирде. Албетте мындагы жыйынтыктардан көрүнүп тургандай жарандар алдыңкы 5 жылда өлкө жалпысынан олуттуу секирик жасап жогорку прогресске жетүүсүнө ишеними аз болсо да коомдук түзүлүштөрдө албетте акырындык менен өнүгүү болот деген ракурста карашат.

Жыйынтыгында дүйнөнүн трансформацияланып бир топ улуттук иденттүүлүктөр эң ылдам өзгөрүү же жок болуу коркунучу бар болгон азыркы учурда кыргыз улутун бириктирген – биздин улуттук баалуулуктарыбыз - эгемендүүлүгүбүз, байыркы тарыхыбыз, каада-салт, нарк, маданиятыбыз. Изилдөөнүн жыйынтыктары тастыктагандай жарандарда бул баалуулуктар деградация болгон эмес, улуттук иденттүүлүктүн орду бар. Бирок, өлкө экономикалык туруктуу өнүгүү жолуна түшө электиги жарандардын өкмөттүн ишмердүүлүгүнө, коомдук-саясий, рухий-адеп ахлактык, жеке жашоосуна болгон канааттануу абалына түздөн-түз таасирин тийгизүүдө. Коом алдыңкы 5 жылда өлкө олуттуу секирик жасап өнүгүп кетет дегенге ишенбейт, бирок улут катары акырындык менен өсөрүнө ишеним бар.

Учурдагы коомдук процесстерге карата элдин пикирин билүүгө багытталган “Улут бirимдиги – өлкөнүн келечеги” сыяктуу изилдөөлөр системалуу мониторинг кылуу, коомдук процесстерди ыкчам изилдеп, туура диагноз коюу менен

объективдүү баалоо бүгүнкү күндүн маанилүү талабы катары улантылышы зарыл.

А. Табалдиев атындагы
социомаданий изилдөөлөр социологиялык
борборунун директору: Караева С.Д.

# Тиркеме 1. Сурамжылоонун анкетасы

## Анкета
## Улут биримдиги - өлкөнүн келечеги
## Единство нации - будущее страны

Урматтуу мекендеш!

Ж. Баласагын атындагы КУУ калктын пикирин билүү үчүн калк арасында сурамжылоо жүргүзүп жатабыз. Бул жерде туура же туура эмес деген жооп жок, бизди сиздин пикириңиз гана кызыктырат.

Сурамжылоого катышуу жана жооптор биздин кесиптик стандарттарга ылайык купуя сакталат.

Сизден сурамжылоого катышууңузду өтүнөбүз.

Уважаемый соотечественник!

КНУ им Ж.Баласагына проводим опрос среди населения, чтобы узнать мнение населения. Здесь нет правильного или неправильного ответа, нас интересует только ваше мнение.

Участие в опросе и ответы будут анонимными в соответствии с нашими профессиональными стандартами.

Убедительно просим вас принять участие в опросе.

1. Кыргызстанда азыркы учурда өлкөнү бириктирген, жалпы элди ээрчиткен **лидер** ким деп ойлойсуз? / Кого вы считаете **лидером**, объединяющим страну и людей в современном Кыргызстане? ___________________________

2. Кыргызстандын жараны экендигиңиз Сизди канчалык деңгээлде канаатандырат? /Насколько удовлетворяет Вас то, что Вы являетесь гражданином Кыргызстана?
   1) Толук деңгээлде, канаатандырат/ Удовлетворяет в полной мере
   2) Жарым-жартылай гана канаатандырат/ Удовлетворяет не в полной мере (наполовину)
   3) Такыр эле канаатандырбайт/ Совсем не удовлетворяет

3. Эгерде Сизде каалаган мамлекеттин жарандыгын тандап алуу мүмкүнчүлүгү болсо, анда кайсы өлкөнү тандап алат элеңиз? (1 гана вариантты белгилеңиз)/ Если бы у Вас была возможность выбора гражданства любого государства, то какую страну выбрали бы? (отметьте или напишите только 1 вариант)

1) АКШ / США
2) Өзбекстан / Узбекистан
3) Түркия / Турция
4) Кыргызстан / Кыргызстан
5) Орусия /Россия
6) Казакстан / Казахстан
7) Башка өлкө / Другая страна

4. Эмне себептен ал өлкөнү тандамак элеңиз? (1 вариантты белгилеңиз)/
   1) Почему выбрали бы именно эту страну? (отметьте только 1 вариант)
   2) Калктын жашоо деңгээли жогору/ Высокий уровень жизни населения
   3) Сапаттуу билим алуу мүмкүнчүлүгү/ Возможность получения качественного образования
   4) Турмуш-тиричиликти оңдоо мүмкүнчүлүгү/ Возможность повышения уровня жизни
   5) Бул менин мекеним/ Это моя родина
   6) Туугандарым жашайт/ Там живут мои родственники
   7) Тили, маданияты жактан жакын/ Близка по языку, культуре
   8) Тынч, бейпил өлкө/ Спокойная, стабильная страна
5. Кыргызстанда акыркы 3 жылда коомдогу болуп жаткан өзгөрүүлөрдү кандай баалайсыз? / Как вы оцениваете изменения в обществе Кыргызстана за последние 3 года?Башка жооп/ Другое

| Жооптор/ Ответы | Оң/ Позитивно | Терс/ отрицательно | Болгон жок/ Не было |
|---|---|---|---|
| Социалдык өзгөрүүлөр / Социальные изменения | 1 | 2 | 3 |
| Саясий өзгөрүүлөр / Политические изменения | 1 | 2 | 3 |
| Экономикалык өзгөрүүлөр / Экономические изменения | 1 | 2 | 3 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Маданий өзгөрүүлөр / Культурные изменения | 1 | 2 | 3 |

6. Өлкөбүздөгү азыркы кырдаалдар боюнча канааттануу деңгээлиңиз кандай? / Уровень удовлетворенности текущей ситуацией в нашей стране?

| Жооптор/ Ответы | **Төмөн/ низкая** | **Орто/средняя** | **Жогору/высокая** |
|---|---|---|---|
| Өкмөттүн ишмердүүлүгү/ деятельностью Правительства | **1** | **2** | **3** |
| Коомдук-саясий / Социально-политической | **1** | **2** | **3** |
| Экономикалык / Экономической | **1** | **2** | **3** |
| Руханий, адеп-ахлактык / Духовно-нравственной | **1** | **2** | **3** |
| Өзүңүздүн жеке турмушуңуз / В личной жизни | **1** | **2** | **3** |

7. Кыргызстан 5 жылдан кийин: ... / Кыргызстан через 5 лет будет ...

| Жооптор/ Ответы | Ооба / Да | Жок / Нет |
|---|---|---|
| саясий өнүккөн өлкө болот/ политически развитым | 1 | 2 |
| экономикалык өнүккөн өлкө болот / экономически развитым | 1 | 2 |
| маданий, руханий өнүккөн өлкө болот/ культурно, духовно развитым | 1 | 2 |
| социалдык жактан өнүккөн болот / социальное развитие | 1 | 2 |
| жарандардын жашоо шарты жакшырат / улучшатся условия жизни граждан | 1 | 2 |
| ушул бойдон эле калат / таким же | 1 | 2 |

8. Сиз өлкөнүн жараны катары эмне менен сыймыктанасыз? / Чем вы гордитесь как гражданин страны?

| Жооптор/ Ответы | Ооба / Да | Жок / Нет |
|---|---|---|
| Эгемендүүлүгүбүз менен / Суверенитетом | 1 | 2 |
| Тилибиз менен / Нашим языком | 1 | 2 |
| Байыркы тарыхыбыз, каада-салт, нарк, маданиятыбыз менен/Древней историей, традицией, ценностью, культурой | 1 | 2 |
| Мамлекетибиздин символдору менен (герб, гимн, туу) /С символикой нашего государства (герб, гимн, флаг) | 1 | 2 |
| Элдин ынтымагы менен / Народной солидарностью | 1 | 2 |
| Кооз жаратылышы менен / Красивой природой | 1 | 2 |
| Элге эмгеги сиңген инсандары менен / Знаменитыми и заслуженными личностями | 1 | 2 |
| Демократия, эркин жашоо мүмкүнчүлүгү менен / Демократией, возможностью жить свободно | 1 | 2 |
| Диний баалуулуктардын коомдогу таасирдүү орду менен/ Существенным влиянием религиозных ценностей в обществе | 1 | 2 |
| Башка / Другое | 1 | 2 |

***<u>Респондент жөнүндө маалымат/ Информация о респонденте</u>***

1. **Жынысы / Пол** 1. А/Ж 2. Э/М

2. ***Жашы / Возраст:***

1) 18-28
2) 29-39
3) 40-49
4) 50-62(57)
5) 63(58)+

3. **Билимиңиз Ваше образование**

1) Орто/ Среднее
2) Атайын орто/ Среднее специальное
3) Жогорку/ Высшее

**4. Учурда сиз алектенген тармак? / Ваша текущая отрасль?**

1) Айыл чарбасы/ Сельское хозяйство
2) Өндүрүш/ Производство
3) Билим берүү жана илим/ Образование и наука
4) Саламаттык сактоо/ Здравоохранение
5) Курулуш/ Строительство
6) Ишкердик / Бизнес
7) Окуучу, студент/ Ученик, студент
8) Тейлөө тармагы/ Сервисная сеть
9) Үй кожойкеси/ Домохозяйка
10) Аскер, күч түзүмдөрү/ Армия, силовые структуры
11) Мамлекеттик кызмат/ Государственная служба
12) Туруктуу жумушум жок/ У меня нет постоянной работы
13) Башка/ Другое

**5. Жашаган жериңиз/местожительсто:**

1) Шаар/город
2) Айыл/село

**6. Облус / Область:**

1) Бишкек шаары
2) Ош шаары
3) Баткен о.
4) Жалал-Абад о.
5) Нарын о.
6) Ош о.
7) Талас о.
8) Чүй о.
9) Ысык-Көл о.

*Сурамжылообуз бүттү. Кызматташканыңыз үчүн ыраазычылык билдиребиз! “жөнөтүү” баскычын басууну унутпаңыз!*


*Наш опрос окончен. Спасибо за сотрудничество! Не забудьте нажать кнопку “отправить”!*

## Тиркеме 2. Изилдөөнүн натыйжалары

### А. Респонденттер тууралуу маалымат


1. Жынысы / Пол:

1 000 ответов





2. Жашы / Возраст:

1 000 ответов




3. Билимиңиз Ваше образование:

1 000 ответов





4. Учурда сиз алектенген тармак? / Ваша текущая отрасль?

1 000 ответов





**4. Учурда сиз алектенген тармак? / Ваша текущая отрасль?**

1 000 ответов




5. Жашаган жериңиз/местожительсто:

1 000 ответов





6. Облус / Область:

1 000 ответов





## Б. Изилдөөнүн натыйжалары


2. Кыргызстандын жараны экендигиңиз Сизди канчалык деңгээлде канаатандырат? /Насколько удовлетворяет Ва...что Вы являетесь гражданином Кыргызстана?
1 000 ответов





3. Эгерде Сизде каалаган мамлекеттин жарандыгын тандап алуу мүмкүнчүлүгү болсо, анда кайсы өлкөнү тандап алат элеңиз? (1 гана вари...ы? (отметьте или напишите только 1 вариант)
1 000 ответов




4. Эмне себептен ал өлкөнү тандамак элеңиз? (1 вариантты белгилеңиз)/ Почему выбрали бы именно эту страну? (отметьте только 1 вариант)
1 000 ответов




5. Кыргызстанда акыркы 3 жылда коомдогу болуп жаткан өзгөрүүлөрдү кандай баалайсыз? / Как вы оцениваете изменения в обществе Кыргызстана за последние 3 года?





6. Өлкөбүздөгү азыркы кырдаалдар боюнча канааттануу деңгээлиңиз кандай? / Уровень удовлетворенности текущей ситуацией в нашей стране?

Жооптор/ Ответы




7. Кыргызстан 5 жылдан кийин: ... / Кыргызстан через 5 лет будет ...

Жооптор/ Ответы




8. Сиз өлкөнүн жараны катары эмне менен сыймыктанасыз? / Чем вы гордитесь как гражданин страны?

Жооптор/Ответы

